03-051-2021-001631 саны менен катталган сотко чейинки өндүрүш боюнча

# МААЛЫМАТ

07.07.2021-жылы Бишкек ШИИББнын ЭММКАКнын ыкчам өкүлү Ш.Сулайманов билдирме менен кайрылган.

Билдирмеде: "03-051-2021-001496-сандуу жазык ишинин алкагында өткөрүлүп жаткан ыкчам иш-аракеттеринин негизинде, Бишкек шаарынын Көлбаев көчөсүнүн [redacted] үй-башчысы (председатель ТСЖ), ошол эле үйдүн [redacted] батиринин тургуну [redacted] ж.т. [redacted], 23.06.2021-жылдан тартып Бишкек шаардык кенешине шайлоого катталган "Ишеним" саясий партиясынын өкүлү деп таанышытырган жашы болжолу менен 25-30 чамасындагы "[redacted]" аттуу адамдан (тел.: [redacted]) 70 000 сом накталай акчаны "Ишеним" партиясына карата шайлоочулардын добуштарын сатып алуу үчүн алып, өзү телейген аймактагы Бишкек шаарынын Көлбаев көчөсүнүн №30, 30/2-үйүнүн, Каджысайский көчөсүнун жана Чкалов көчөсүнүн тургундарына, ар-бир шайлоочуга 1000 сомдон таратып берип жүрүп, азыркы убакытта 8000 сом акчасы калгандыгы көрсөтүлгөн.

Аталган факты 07.07.2021-жылы Бишкек ШИИББнын КЖБРне Кыргыз Республикасынын 192-беренесинин 1-бөлүмү менен, 03-051-2021-001631 саны менен катталган.

07.07.2021-жылы [redacted] сурак алуу учурунда төмөнкүлөрдү көрсөткөн: " 2021-жылдын 23-июнь күнү Бишкек шаарынын Көлбаев көчөсүнүн [redacted] дарегине, Бишкек шаардык кенешине талапкер катары бара жаткан "Ишеним" партиясынын өкүлү "Эркин" аттуу адам келип, [redacted] "Ишеним партиясына агитатор катары иштеп бересинби?, эгерде иштеп берсен силер жашаган көп кабаттуу үйдүн чатырын алмаштырып беремин" деп сунуштаган. Анын сунушуна [redacted] макулдугун берген. Ошонтип "[redacted] жана [redacted] экөө телефон аркылуу сүйлөшүп "вотсап" интернет булагы аркылуу жазыша башташкан. 2021-жылдын 25-июнунда [redacted] 70 000 сом накталай акча алып келип "ушул акчаларды добуш бере турчу адамдарга, ар-бирине 1000 сомдон таратып бер" деп таштап кеткен. Андан сон [redacted] актай баракка Бишкек шаарынын Көлбаев көчөсүнүн 30-дарегинин, Каджисайский көчөсүнүн жана Көлбаев көчөсүнүн 35-дарегинин тургундарынын тизмесин түзүп алып, үймө-үй кыдырып, ар бир шайлоочуга 1000 сомдон таратып берген.

Тактап айтканда: Бишкек шаарынын Көлбаев көчөсүнүн 30-дарегинин тургундарына, [redacted] Бишкек шаарынын Көлбаев көчөсүнүн 35-дарегинин тургундарына: [redacted]. Бишкек шаарынын Каджисай көчөсүнүн тургундарына: [redacted] аттуу

шайлоочуларга, шайлоо күнү "Ишеним" партиясына добуш берүү үчүн, ар-бирине 1000 сомдон таратып берген".

Мындан сырткары [redacted] өз ыктыяры менен Бишкек шаарынын Колбаев көчөсүнүн 30-үйүнүн, 30/2, Каджисайская жана Чкалов көчөлөрүнүн тургундарынын (добушун 1000 сомдон сатып алган шайлоочулардын) тизмесин, ошондой эле добуш сатып алуу үчүн берилген 8000 сом накталай акча жана өзүнүн «Самсунг Ж2» үлгүсүндөгү уюлдук телефонун өткөзүп берген.

Аталган добуштарын саткан адамдардын арасынан 5-жаран такталып суракка алынган, алардын ичинен [redacted] жана Чекеева [redacted] "Ишеним" партиясына добушун берүү үчүн [redacted] 1000 сомдон алгандыгын көрсөтүшүп, акча каражаттарды өз ыктыярлары менен тергөөгө өткөрүп беришкен.

Ошондой эле, 08.07.2021-жылы [redacted] жашаган Бишкек шаарынын Көлбаев көчөсүнүн 30-үйүнүн 108-батирин, кечиктирилгис тинтүү жүргүзүү учурунда, жазык ишине тиешелүү эч-кандай далил заттар жана мыйзамсыз буюмдар табылып алынган эмес.

Тергоо амалдарынын жургузуу учурунда [redacted] аттуу жаран, Бишкек ШИББнын ТК алып келинген.

Маалымат иретинде: [redacted] жылы Нарын облусунун Кочкор районунда туулган, жогоркуу билимдуу, үй бүлөлүү, убактылуу эч жерде иштебейт, мурда соттолгон эмес, жашаган дареги: Бишкек шаары [redacted]

Суракка алуу учурунда, [redacted] озун "Ишеним" партиясынан талапкер [redacted], аталаш иниси экенин билдирген. Ошондой эле, анын Бишкек шаарынын кенешине, "Ишеним" партиясынан талапкер катары бара жатканын угуп, ага билгизпей, өз тарабынан тууган катары жардам корсотүү максатында, буга чейин тааныш болуп жүргүн үй башчы [redacted] менен жолугушуп, ага 70 000 сом накталай акча берип, добуш алып берүүнү суранганын көрсөткөн.

[redacted] менен [redacted] ортосунда беттештирүү өткөргөндо, ар бири өздөрү берген көрсөтмөлөрүндө калып, кунөөлөрүн толугу менен мойнуна алышкан.

Күбө катары суралган, "Ишеним" партиясынын Бишкек шаарынын Чуй пр. [redacted] дарегинде жайгашкан, штабы үчүн жооптуу [redacted], сурак протоколунда [redacted] "Ишеним" партиясына эч капндай тиешеси жок экенин жана бул адамды таанибайт экенин билдирген. Ошондой эле бул даректе жайгашкан штабта бухгалтердик эсеп жүргүзүлбөйт экенин көрсөткөн.

Ошондой эле, БШКнын уруксаты менен, күбө катары суралган, "Ишеним" саясий партиясынан талапкет [redacted], сурак протоколунда, [redacted] менен аталаш тууган экенин, бирок ал адам менен коп байланышы жок экенин көрсөткөн. Окуя туралуу милиция кызматкерлеринен билгенин көрсөткөн жана [redacted] "Ишеним" саясий партиясына эч кандай тиешеси жок экенин көрсөткөн.

09.07.2021-ж. Бишкек шаарынын Свердлов райнунун тергөө соту тарабынан, 08.07.2021-жылы [redacted] жашаган Бишкек шаарынын

Көлбаев көчөсүнүн 30-үйүнүн 108-батирин, кечиктирилгис тинтүүнү мыйзамдуу деп тапкан.

09.07.2021 ж. [redacted], Кыргыз Республикасынын ЖКнин 192-беренесинин 1-бөлүмүндө көрсөтүлгөн кылмышка шектүү жөнүндө кабарламасы берилип, тергөө жана сот учурунда келип туру милдети алынган.

09.07.2021 ж. [redacted], Кыргыз Республикасынын ЖКнин 192-беренесинин 2-бөлүмүндө көрсөтүлгөн кылмышка шектүү жөнүндө кабарламасы берилип, тергөө жана сот учурунда келип туру милдети алынган.

Азыркы учурда тиешелүү тергөө амалдары жүргүзүлүп жатат жана кыска мөөнөттө соттук кароого жөнөтүлөт.

**Бишкек ШИИББнын Тергөө кызматы**